**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУ**
**УЧ-КОРГОН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ АЙМАК УЧ-КОРГОНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО КЕНЕША**

Уч-Коргон айылдык кеңешинини VII чакырылышынын кезектеги IV сессиясы

26-январь 2022-жыл Уч-Коргон айылы

ТОКТОМ №4/4

Уч-Коргон айыл өкмөтүнүн Валакыш айылынын тургундарын таза суу менен камсыз кылуу максатында суу сактагыч куруу учун жер тилкеси “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынын жайыт түрүнөн “Өнөр жайынын, транспортун, байланыштын, энергетиканын, коргоонун жерлери жана башка багыттагы жерлер ” категориясына которуу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 13-беренесине жана 7-беренесинин 2-пунктуна, Кыргыз Республикасынын 15.07.2013-жылдагы №145 “Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө” Мыйзамына таянып, Кадамжай райондук мамлекеттик администрациясынын 2021-жылдын 8-декабрындагы 1-5/406-Т тескеминин негизинде түзүлгөн туруктуу комиссиянын өтүрүмүнүн 18.01.2022-жылдагы көрүтүндүсүнө жана айылдык кенешинин жер жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын протоколдук чечимине таянып, Валакыш айылынын тургундарынын жана калктуу конуштарын таза ичимдик суусу менен камсыз кылуу максатында, айыл конуштарын таза ичимдик суусу менен камсыз кылуу максатында, айыл аймагынын инфраструктурасын жакшыртуу максатында Уч-Коргон айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Уч-Коргон айыл өкмөттүн Валакыш айылынын тургундарын таза ичимдик суу менен камсыз кылуу максатында иштелип чыккан долбоордун негизинде айыл өкмөтүнүн Валакыш айылынын аймагынан №1720 контурдан 0,13га, №1734 контурдан 0,37 га жалпысы болуп 0,50 га жер аянты “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынын жайыт түрүнөн “Өнөр жайынын, транспортун, байланыштын , энергетиканын, коргоонун жерлери жана башка багыттагы жерлер ” категориясына которууга макулдук берилсин. (которулуучу жер аянтынын экспликациясы тиркелет).
2. Ушул токтомдун аткаруу жагы Уч-Коргон айыл өкмөтүнүнө жүктөлсүн.

**Уч-Коргон айыл кенешинин төрагасы:** **Б.Юрсунов**